**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**Учреждение «Бишкекский инновационный колледж»**

"БИК" мекемесинин

пед. кеңешинде **«макулдашылды»**

токтом №__30__

«30» _08_ 2023-жыл

**«Бекитемин»**

"БИК" мекемесинин директору,

ф.и.к., доц. **Эркинбеков К.Э.**

«1» _09_ 2023-жыл

# "Кыргыз тили жана адабияты" дисциплиналары боюнча Мамлекеттик аттестациянын программасы

**«Каралды»**

Илимий бөлүмүндө жактырылды

токтом №__1__

«30» _08_ 2023-жыл

**Бишкек 2023**

## «Кыргыз тили жана адабияты» сабагы боюнча мамлекеттик аттестация өткөрүү жөнүндө жобо

Ушул Жободо "Бишкек инновациялык колледжи" мекемесинин «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча мамлекеттик аттестациясын уюштуруу жөнгө салынат. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана кесиптик орто билим берүү жөнүндө Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык №567/1, 15.05.19.ж. КРББ жана илим министрлигинин №1107/1 17.09.2019ж.буйругунун негизинде кесиптик орто билим берүүнүн бардык адистиктеги студенттери үчүн «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасынан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо киргизилген. Студенттердин «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө жобо (мындан ары- Жобо) бардык негизги билим берүү программалары боюнча окуган студенттерге таркатылат.

### I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Мамлекеттик аттестациянын максаты - студенттердин кесиптик тапшырмаларды аткарууга даярдык деңгээлин жана даярдыгынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн аныктоо болуп саналат.

1.2. «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча мамлекеттик аттестация бардык орто кесиптик окуу жайларында негизги билим берүү программалары боюнча өткөрүлөт.

### II. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯ ӨТКӨРҮҮ ФОРМАЛАРЫ

2.1. «Кыргыз тили жана адабияты» курсун өздөштүргөн студенттердин мамлекеттик аттестациясы КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген жазуу жүзүндөгү мамлекеттик сынак же тестирлөө формасында өткөрүлөт.

2.2. «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча мамлекеттик аттестация милдеттүү болуп саналат жана кыргыз тилдеринде өткөрүлөт.

2.3. Мамлекеттик сынак программасы «Кыргыз тилди жана адабияты» предмети боюнча окуу программаларынын негизинде тиешелүү адистер тарабынан иштелип чыгат.

2.4. Мамлекеттик сынак программасын Бишкек инновациялык колледжинин педагогикалык кеңешинин отурумунда, БИКтин Илимий бөлүмүнүн кеңешмесинде бекитүү сунушталат.

2.5. Мамлекеттик сынак программасынын түзүмүнө программанын киришүүсү, мазмуну, программанын мазмуну, суроолор тизмеси (тесттик текшерүү) жана адабияттар камтылат.

2.6. Мамлекеттик сынак программасы сынак бергенге чейинки 6 айдан кечиктирилбестен студенттерге берилет.

2.7. Сынак учурунда студенттер комиссиянын уруксаты менен усулдук материалдарды колдоно алышат.

2.8. Студенттерди мамлекеттик сынактан өтүүгө даярдоо үчүн жыйынтыктоочу аттестация өткөрүлө турган предмет боюнча жалпы лекция окулуп, топтук консультациялар өткөрүлөт.

2.9. Мамлекеттик сынакта жоопторду тест жүзүндө берүү үчүн 30 мүнөттөн кем эмес убакыт бөлүнөт.

2.10. МАКтын техникалык катчысы мамлекеттик сынак башталар алдында:

- студенттер менен мамлекеттик сынакты уюштуруу маселелери боюнча чогулуш өткөрөт;
- отурум өтө турган күндүн алдында МАК ар бир студент менен сынак үчүн зарыл документтердин тизмесин, алардын шайкештигин тактайт;
- мамлекеттик сынак өтө убакытты МАКтын иш графиги боюнча тактайт;
- аудиторияны даярдайт жана зарыл техникалык каражаттар жана МАКтын иши үчүн материалдар менен жабдыйт;
- МАКтын иш графиги жөнүндө маалыматтарды студенттерге жеткирет;
- МАКтын сааттына төлөө талаптарына ылайык, төраганын жана мүчөлөрүнүн айкын иш сааттары жана алардын сааттарынын көлөмү тууралуу маалыматты даярдайт;
- МАКтын мамлекеттик сынак боюнча отурумдарынын протоколдорун ар бир студентке тариздейт;
- графикке ылайык Окуу бөлүмүнө мамлекеттик сынактын натыйжалары күн сайын берилип турат;
- МАКтын иши тууралуу отчетту даярдоого катышат.

## III. МАМЛЕКЕТТИК (ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ) АТТЕСТАЦИЯНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ

3.1. «Кыргыз тили жана адабияты» боюнча мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жана төлөө боюнча карызы жок, тиешелүү деңгээлдеги окуу программасынын планын толугу менен аяктаган студенттерге уруксат берилет.

3.2. Мамлекеттик аттестацияга уруксат берилген студенттердин тизмеси БИКтин мүдүрүнүн буйругу менен таризделет жана МАКтын мүчөлөрүнө иши башталар алдында берилет.

3.3. Мамлекеттик сынакты өткөрүү МАКтын ачык отурумунда ишке ашырылат.

Натыйжалары МАКтын отурумунун протоколу таризделген күнү жарыяланат.

## IV. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯЛАР

4.1. Мамлекеттик аттестациялык комиссия (мындан ары-МАК) өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына, ушул Жобого, кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына, Бишкек инновациялык колледжи тарабынан, КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик-укуктук актыларынын жана окуу-усулдук бирикмелердин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн негизинде иштелип чыккан окутуу-усулдук документтерге таянат.

4.2. «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча мамлекеттик аттестациянын комиссиясынын негизги функциялары төмөнкүлөр:

- студенттин даярдыгынын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келүүсүнө комплекстүү баа берүү жана анын «Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча деңгээлин аныктоо;
- студенттерди даярдоо сапатынын жалпы деңгээлин талдап-иликтөө, МАКтын иш натыйжаларынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу;
- отчетту өз убагында даярдоо жана ал боюнча корутундуну КРдин Билим берүү жана илим министрлигине берүү.

4.3. МАКтын ар бир багыт боюнча өздүк курамы БИКтин жетекчилигинин сунуштарын эске алуу менен КРдин Билим берүү жана илим министрлигинде бекитилет. БИК мекемеси комиссиянын зарыл санын студенттердин контингентине жараша бекитет.

4.4. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар жыл сайын уюшулат.

4.5. Мамлекеттик аттестациялык комиссия БИКтин профессордук-окутуучулар курамынан, алдыңкы окутуучулардан жана башка жогорку билим берүү мекемелеринин илимий кызматкерлеринен түзүлөт.

4.6. Мамлекеттик аттестациялык комиссияны төрага жетектеп, ал комиссиянын ишин уюштурат жана комиссиянын ишин контролдойт, студенттерге бирдей талап коюлушун камсыз кылат.

## V. МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ МӨӨНӨТҮ ЖАНА ТАРТИБИ

Мамлекеттик аттестациялык сынак өткөрүү тартиби окуу жайы тарабынан ушул Жобонун негизинде иштелип чыгат жана мамлекеттик аттестация башталарга чейинки 3 айдан кечиктирбестен, студенттерге тааныштырылат. Студенттер Мамлекеттик сынактардын программалары менен камсыз болушат жана алар үчүн даярданууга шарттар түзүлөт жана консультациялар өткөрүлөт.

5.1 Мамлекеттик аттестация мөөнөттөрү жумушчу окуу планына ылайык белгиленет.

«Кыргыз тили жана адабияты» предмети боюнча МАК графигин БИКтин

Окуу бөлүмүнүн жана окуу процессин уюштуруу адиси түзөт жана сынак башталганга чейинки 1-2 ай мурун бекитилет.

5.2. Мамлекеттик сынакты өткөрүү МАКтын ачык отурумунда ишке ашырылат.

5.3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими (жазуу иштерин текшерүү) 100 баллдык система боюнча бааланат:

- 0-54 балл - "канааттандырарлык эмес",
- 55-69 балл - "канааттандырарлык",
- 70-84 балл -"жакшы",
- 85-100 балл "мыкты"

Чечимдер комиссиянын төрагасынын жана анын орун басарларынын милдеттүү түрдө катышуусунда жабык отурумдарда кабыл алынат жана протокол менен таризделет.

5.4. Мамлекеттик аттестацияга жөндүү себептерден улам келбегендерге жана «канаатандырарлык эмес» деген бааны алышкандарга биринчи мамлекеттик аттестация өткөндөн кийинки бир жылдан кийин кайра өтүүгө уруксат берилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардан кайрадан өтүүгө билим берүү мекемеси тарабынан эки жолу гана уруксат берилет.

МАКтын иши тууралуу отчеттор билим берүү мекемесинин окумуштуулар кеңешинде угулат жана адистерди кесиптик даярдоо сапатын өркүндөтүү тууралуу сунуш-көрсөтмөлөр менен кошо КР Билим берүү жана илим министрлигине жыйынтыктоочу мамлекеттик сынак аяктагандан кийин берилет. Студенттердин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын протоколдору БИКтин архивинде сакталат.

## «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасы боюнча мамлекеттик сынактын материалдарынын мазмуну

### «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасынын аннотациясы

«Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасы студенттин орто кесиптик адистике ээ болуусуна зарыл болгон билимдерди, көндүмдөрдү билгичтиктерди калыптандырат.

Бул предметти өздөштүрүү менен студент кыргыз тили сабагынан кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрдү, тыбыштарга тиешелүү мыйзамдар, орфография жана орфоэпиянын негизги эрежелери жөнүндө , кыргыз тилинин лексикасы жана өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазалышын , аларга мүчө жалгоонун эрежелерин, көп маанилүү, эскирген жана жаңы сөздөрдүн колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, фразеологизмдерди кепте пайдалана билиүүнүн жолдорун үйрөнүшөт. Ошондой эле кыргыз тилинин грамматикасы , морфология, сөз түркүмдөрү, грамматикалык категориялар жана синтаксис, сүйлөмдүн түрлөрү, аларды уюштурууучу каражаттар, иш кагаздар стили окутулуп, реферат,илимий иш, пикир, өздүк иш кагаздарын сабаттуу жазууга көнүктүрүлөт. Кеп маданияты, кепке коюлуучу талаптар, кыргыз кебинин өгөчөлүктөрү, чечендик өнөрү жөнүндө маалыматтарды алышат.

Кыргыз адабияты сабагынан кыргыз элинин кылымдарды карыткан үлүлөрүн өзүнө

сактап муундан-муунга мурастап келген элдик оозеки чыгармачылыктын нускалуу

маданий мурасатрын тааныштыруу менен студенттердин көркөм эстетикалык табитин өстүрүүгө өбөлгө түзүлөт.

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн деңгээлдеринин ичинен кыргыз тилин орто кесиптик окуу жайларда окутууда А2, В1, В2 деңгээлдери белгиленди.

**Дисциплинанын максаты**

Теориялык жактан алган билимдерин практикады колдоно билүү жөндөмүн калыптандырууда, адабий тилдин нормасында коммуникативдик байланыш түзө билүүдө,кеп ишмердүүлүгүн жана таанып-билүүчүлүгүн калыптандырууда студенттин билимдерин өнүктүрүүдө кыргыз тили жана адабияты дисциплинасын окутууда төмөнкүлөргө басым жасалат:

-кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик орто окуу жайына чейинки билимдерин тереңдетүү,тилдик корун байытуу, жаңы маалыматтар менен толуктоо;

-студенттердин мамлекеттик тилде эркин жана көркөм кеп түзүүгө (сүйлөө, жазуу, окуу) жетиштирүү;

-алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүктөрүндө пайдаланууга көнүктүрүү;

-кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы,профессионал адабияты боюнча алган билимдерин тереңдетүү;

-көркөм жана башка тексттерди сабактарда үзгүлтүксүз пайдалануу аркылуу кыргыз элинин тарыхы,каада-салт,үрп-адаттары менен тааныштырып,аталган дисциплина аркылуу студенттерди мекенчил болууга,эли-жерин сыйлоого жана адабий-эстетикалык табиттерин калыптандырып,көркөм,элестүү ой жүгүртүүгө үйрөтүү.

-иш кагаздарын лексикалык,грамматикалык жана стилистикалык мыйзам-ченемдерин өздөштүрүү менен жазуу үлгүлөрүн практикалык жактан колдоно билүүгө ээ кылуу.

Кыргыз тили жана адабияты сабагын окуу менен орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын студенттери кесипкөй ишмердиктин милдеттерине ылайык коммуникативдик компетенциялардын төмөнкүдөй тутумдук компетенцияларына ээ болуусу зарыл:

1.Тилдик компетенция – тилдик кражаттардын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) жыйындысы, ошондой эле аларды коммуникативдик максатта пайдалануунун эрежелери;

Кептик компетенция-кеп ишмердигинин көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн

жыйындысы ( сүйлөө, жазуу, аудирлөө, окуу), кеп адебинин нормаларын билүүсү, баарлашуу кырдаалына жараша кебинде тилдик каражаттарды пайдалануусу;

3.Социо-маданий компетенция- өзүнүн улуттук руханий баалуулуктары, маданий мурастары жана башка элдердин маданиятын таануудагы билимдерин натыйжалуу пайдалануусу;

4. Компенсатордук компетенция – тилдик каражаттын жетишсиздигинде вербалдык жана вербалдык эмес ыкмаларды пайдалануу менен коммуникативдик маселелерди чечүү ыкмаларын пайдалануу жөндөмдүүлүгү;

5. Окуу - таанып билүү компетенциясы-кыргыз тилин жана адабиятты үйрөнүүдө өз алдынча иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон жалпы жана атайын окуу жөндөмдүүлүктөрүнүн жыйындысы.

Адистиги боюнча студент негизги кесиптик билим берүү программасынын **максаттарына** жана Мамлекеттик билим берүү стандартынын көрсөтүлгөн кесиптик иштин **милдеттерине** ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) Жалпы компетенциялар (ЖК):**

- **ЖК-3.** кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткарат, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издейт, чечмелейт жана пайдалана алат;
- **ЖК-5.** командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билет;
- **ЖК-8.** чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр;
- **ЖК-9.**-өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана расмий тилде туура, далилдүү жана так түзүүгө жөндөмдүү;
- **ЖК-10.**коомдо кабыл алынган рухий жана укуктук нормалардын негизинде социалдык өз ара аракеттешүүгө, адамды сыйлоого, башка элдин маданиятына толеранттуулук менен мамиле жасоого, өнөктөштүк мамилелерди колдоого даяр турууга жөндөмдүү ;

**Кесиптик компетенциялар (КК):**

**КК 7.** Окуу-методикалык жана нормативдик-укуктук документтер менен иштөөнү билет

**КК 12**. Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигин жана баарлашуусун уюштурууну камсыз кылууга тиешелүү документтер менен иштей алат.

**КК 13**.Билим берүү стандартынын жана үлгү программанын негизинде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу, окуу-методикалык комплексти тандоону билет.

**КК 15.** Өз ишмердигин жана бөлөк педагогдордун ишмердигин талдоонун, кесибине байланыштуу адабияттарды үйрөнүүнүн негизинде баштапкы жана жалпы билим берүү тармагында педагогикалык тажрыйбаларды жана билим берүү технологияларын баалоо жана системага салууну билет

**КК 16.** Отчет, реферат, доклад түрүндө педагогикалык иштелмелерди даярдайт.

**Студент билүүсү керек:**

-Сөздүктөр менен иштөөнү жана которууну;

- лексикалык жана грамматикалык минимумдарды;

-кыргыз элинин мурастарын; элдик оозеки чыгармачылыкты;
-адамдын адептик сапаттарын,бири-бирине сабырдуу мамиле кылууну;
-адамдын эмгек ишмердүүлүгү чагылдырылган чыгармаларды;

**жасай билүүсү керек:**

кыргыз тилинде кесиптик жана күнүмдүк темаларда оозеки жана жазуу жүзүндө баарлаша билүүнү;
-жазуу кебин жана оозеки кепти өз алдынча кеңейтүүнү, сөз байлыгын толуктоону;
- кесиптик жана билим берүү ишмердүүлүгү боюнча маселелерди чечүү процессинде алган,өздөштүргөн билимдерин колдоно билүүнү;
-кесиптик багыттагы кыргызча тексттерди сөздүктүн жардамы менен которо билүүнү;
-чыгармалардагы каармандардын нравалык принциптерин турмуштапай даланууну, өзүнүн оюн айта билүүнү;

**ээ болуусу керек:**

- кыргыз тилинде жазуу кебине жана оозеки кебине; коомчулукта кабыл алынган кеп адебине;

## «Кыргыз тили жана адабияты» дисциплинасынын кыскача мазмуну

### 1. Текст, тексттеги ой жана тексттеги сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору

Ар бир текст өзүнүн мазмунуна жараша белгилүү теманы түзөт. Тема деген - тексттин мазмунуна коюлган ат , тексттин эң маанилүү өзөгү , тексттин жалпыланган мазмуну.Ар бир текстте бүткөн , маанилүү бүткөн ойдун болушу мүмкүн эмес . Негизги ойсуз, окуясыз тексттин болушу мүмкүн эмес .Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик жактан эки түрдүү: уланмалуу жана удаалаштык ыкма менен байланышат .

### 1.1. Кеп жана кептин түрлөрү

Тил жана кеп бири-бирине жакын,өз ара тыгыз байланышкан, шартталган бирок окшош эмес түшүнүктөр. Кеп - байланыш жасоонун , пикир алышуунун конкреттүү колдонулушу, ишке ашырылышы б.а. айтылган сөз , сүйлөнгөн кеп, оозеки же жазуу жүзүндө берилген сөз. Кыргыз адабий тили оозеки жана жазма тил болуп бөлүнөт. Жазма тил иштелип чыккан эрежеге баш ийип, нормага салынып, кагаз бетине түшүрүлөт. Оозеки тил пикир алышуунун эң зарыл куралы катары колдонулуп, эл арасында оозеки жашайт.

### 1. Стиль жана стилистика

Стиль – кептин түзүлүшүндөгү жана сөздөрдү колдонуудагы , баяндоодогу өзгөчөлүктөрү , же жазуучунун , же адабий чыгарманын тилине мүнөздүү болгон тил каражаттарын пайдалануу ыкмалары. Стилистика – тилдеги көрүнүштөрдү мааниси жана көркөмдүгү жагынан кылдат карап, ой-пикирди даана , так, көрктүү кылып берүүгө, сөздөрдү өз орду менен маанисин бузбай, сөз айкаштарын туура колдонууга үйрөтөт.

### 2. Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк

Адам баласынын кеби сүйлөмдөрдөн, сүйлөмдөр сөздөрдөн, сөздөр айрым-айрым үндөрдөн – тыбыштардан турат. Ушул тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү **фонетика** болуп саналат. Фонетиканын изилдөө объектилери –

тыбыш, тамга, фонема, сөз ичиндеги тыбыштардын өзгөрүү процесстери, муун жана басым. Кайсы гана тил болбосун, кепте колдонулган тыбыштарадамдардын тыбыш жасоочу органдарынын катышуу аркылуу жасалат. Ошондуктан тыбыштарды ар тараптан терең билүү үчүн сүйлөө органдарынын түзүлүшүн, алардын тыбыш жасоодогу аракеттерин билүү зарыл.

### 3. Лексикология

Белгилүү бир тилдеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип, ошол тилдин сөздүк курамын же лексикасын түзөт. Сөздүк курам же ошол тилдин сөздүк курамын же лексикасы жөнүндөгү тил илиминин бир бөлүгү **лексикология** болуп саналат. Коомдук турмуштагы ар кандай жаңылыктарга, айлана – чөйрөдөгү түрдүү өзгөрүүлөргө жараша адамдардын да түшүнүгү , аң – сезими өркүндөп , өсүп – өнүгүп турат. Мындай кубулуштар тилдин лексикалык курамына жаңы сөз каражаттарынын кошулуп, толукталып турушун талап кылат.

### 4. Жазуу жөнүндө түшүнүк

Адамдын оюнун жана сөздөрдүн кагаз бетине түшүрүлгөн материалдык белгилери **жазуу** болуп саналат. Жазуу адамдардын оюн же пикирин алыста турган адамдарга билдирүү зарылдыгынын негизинде келип чыккан. Коомдук турмушта жазуу тилдин, пикир алышуунун кошумча же экинчи курал катары кызмат кылат.

### 5. Фразеология жонүндо жалпы түшүнүк

Тил илиминдеги сөздөрдүн туруктуу же эркин сөз айкаштарын, алардын түзүлүшүн жана маанилик жагынан болгон өзгөчөлүктөрүн изилдеген бөлүм. Кебибизде туруктуу формасын сактап, даяр материал катары колдонулуп келе жаткан сөздөр кездешет. Тилдеги мындай туюнтмалар **фразеологизмдер** деп аталат. Тилдин башка бирдиктериндей эле фразеологизмдердин да өзүнчө мүнөздүү белгилери бар.

### 6. Морфология. Сөз жасоо жана анын жолдору

Морфология - сөздөрдүн грамматикалык мааниси менен формасын, жасалышын жана сөз түркүмдөрүнө бөлүнүшүн үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүгү.Сөз түркүмдөрү, алардын маани берүүчү жана маани бербөөчү түрлөрү. Жак категориясы жана жөндөмө категориясы.Сөз жасоо – сөздөрдүн кантип жасаларын, кандай каражаттардын жана кандай жолдордун колдонууларын изилдейт. Кыргыз тилиндеги сөздөр эки жол менен жасалат: морфологиялык жана синтаксистик жол.

### 7. Синтаксис

Синтаксис – сүйлөмдөрдүн түрлөрүн, сөз айкаштарынын түзүлүшүнүн жана алардын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу эрежелерин үйрөтүүчү грамматиканын бир бөлүгү. Синтаксис эки бөлүмдөн турат: сөз айкашы жана сүйлөм. Сөз айкашы толук маани берген эки же андан ашык сөздөрдүн айкашынан түзүлүп, түшүнүктүн ортосундагы ар түрдүү мамилени билдирет. Сүйлөм – тилдин ички мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык грамматикалык жактан уюмдашышып, кадыресе ойду билдирген кеп бирдиги.

## 8. Татаал сүйлөм. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү

Маани жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр грамматикалык жактан бири-бири менен өз ара тутумдашып, бирдиктүү бир татаал ойдон кабар билдирсе татаал сүйлөм деп аталат. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр өзүлөрүнүн түзүлүшү жана берген маанилери жагынан ар түрдүү. Ушул өзгөчөлүгүнө ылайык татаал сүйлөмдөр эки топко бөлүнөт: багыныңсыз татаал сүйлөм, багыныңкы татаал сүйлөм.

## 9. Табу жана эвфемизм

Эвфемизм (гр. - жакшы сүйлөймүн) - кулакка жагымсыз угулуучу орой, адепсиз сөздөрдү шартка, угуучунун психологиясына ылайык жымсалдаштырып, маданиятташтырып айтуу. Бул көрүнүш бул же тигил элдин үрп- адаты, маданияттуулук даражасы, эстетикалык туюму, этикалык нормаларды сактай билиши менен тыгыз

байланыштуу. Мисалы, "төрөдү " дегендин ордуна – "көз жарды", "боюнан бошоду" деген сөздөр колдонулат. Эвфемизм тилди байытууда өзүнчө мааниге ээ. Табу- өз аты менен атоого тыюу салынган сөздөр, сөз айкаштары жана энчилүү аттар. Диний ишенимден улам келип чыккан. Мисалы, кыргыздар чечек оорусун улуу тумоо, этикалык нормаларды сактай билиши менен тыгыз байланыштуу аттарын мисалы,"кичине бала," " койчу бала" деп тергешкен.

## Элдик оозеки чыгармачылык

Ондогон кылымдарды карытып, оомалуу- төкмөлүү, узак жол басып, жалпы адам баласынын тарыхый жолунда кимге таандык экени билинип турган изин калтырып, тириликтин негизи белгиси – машакатын тартып тынымсыз күрөштө болуп, өмүр- жашоо деген өзгөчө татаал чыйырдын миңдеген тоскоолдуктарынан өтүп, өмүр- өлүм үзөңгүлөш жүргөн далай кагылыш – кармаштарды баштан кечирип, өз наамы- атын, эл катардагы өзүнө таандык өзгөчө белгилерин жоготпой сактап, тээ байыртадан бери келе жаткан түптүү эл – кыргыздардын ата- бабалары бүгүнкү урпактарга мурас кылып калтырган өзгөчө баалуу- байлыктарынын мааниси, көлөмү боюнча орчундууларынын бири элдик оозеки көркөм чыгармачылыгы.

## Жазгыч акындар

Төкмө акындардан жана ырчылардан айырмаланып, өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, элге көп жазма түрүндө таратуучу акындар. Кыргыз адабияты негизинен оозеки түрдө өнүккөн.Октябрь революциясынын алгачкы жылдарында, б.а. 19- кылымдын аягы 20- кылымдын башында жазгыч акындар белгилүү боло баштаган. Жазгыч акындар ырларын жаратууда баарыдан мурда элдин оозеки чыгармачылыгына жана аны сактап, өнүктүрүп келген төкмө акын, ырчылардын ырчылык салтына таянышкан.

## Профессионал адабияттын жаралышы

Кыргыз эли – эң байыркы эл. Мындан эки миң эки жүз жыл мурда кыргыздардын жашап тургандыгы Кытайдын тарых жазмаларында жазылып калгандыгы тарыхта маалым. Эки – үч миң жыл аралыгында нечендеген элдер биротоло жоголуп, кээ бирөөлөрү ар кайсы

элдин курамына сиңип,өздөрү эмес аты да сакталбай калды. Тагдырга миң мертебе ырахмат, ошончо көп кыргын – сүргүндөргө туруштук берип, азайса да бөксөрсө да кыргыз элинин сакталып калышы – бул ар бир кыргыз сыймыктанып биле жүрүүчү факт. Мына ошол уюткулуу, уңгулуу кыргыз элинин адабияты да өнүгүп - өсүп профессионалдуулукка көтөрүлө алды.

### “Сынган кылыч” Т. Касымбековдун чыгармачылыгы, тарыхый доор

Т. Касымбековдун “Сынган кылыч” чыгармасы- кыргыз адабиятынын айдыңындагы алгачкы тарыхый роман. Мында 1842-жылдан1876-жылга чейинки, же жалпылап айтканда XIX кылымдын ортосу менен экинчи жарымындагы түштүк кыргыздардын турмушу Кокон хандыгындагы ордо менен элдин коомдук саясий, социалдык- экономикалык курч, карама-каршы мамилелери, орус падышачылыгынын колониячыл каратып алуу жүрүшүнүн ишке ашышы өңдүү тарыхый окуялар сүрөттөлгөн. Чыгармада катышкан каармандардын

көпчүлүгү (Алымкул, Алымбек, Исхак, Шералы, Кудаярхан, Абдырахман, Черняев, Скоболев ж.б.) тарыхта болгон адамдар жана алар катышкан окуялардын баары тарыхтан белгилүү.

### Ч. Айтматов жана доор

Талантты эл жаратат, анын элге арналган ак кызматын эл баалайт жана кылымдар бою кастарлап сактайт. Нукура чоң талант элдин жан- дүйнөсүнө биротоло сиңет да, анын зоболосун көтөргөн, бардык ишеничин актаган залкар күчкө айланат.Бүгүнкү күндө Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын бүт планетанын элдери окушат. Планетадагы бардык негизги тилдерге которулуунун өзү эмне деген чоң сыймык! Элдин турмушу, элдин тагдыры – сүрөткердин гүл азыгы. Элдин турмушун, жалпы адамзаттык маселелерди көрөгөчтүк менен изилдей алган, анын өнүгүшүнүн негизги тенденцияларын билермандык менен кармай алган жана эл тагдырынын көркөм сүрөтүн тарта алган сүрөткер гана атам замандан бери карай адамзаттын көңүлүн буруп келген. Элдин акылмандуулугу, даанышмандыгы, ой – санаасы, кайгы кубанычы гана элге ортоктош. Элдин ушул улуу касиеттерин ачып бере алган ойчул, чебер сүрөткер гана дүйнөлүк даңкка, жалпы элдик алкоого арзыйт.

### Кыргыз поэзиясы

Кыргыз поэзиясынын айдыңына көз чаптырсак, анын мурдагы басып өткөн жолу жана кийинки өнүп- өсүүсү идеялык- эстетикалык изденүүнүн өтө активдешип, ыкчамдалганы байкалат. Мейли улуу муундагы дасыккан акындарыбыздын, мейли жаш акындарыбыздын чыгармачылыгында болсун, баарында тең мазмундун жаңылыгы менен терендигине форманын көп түрдүүлүгү шайкеш келип, эмоциялык таасирдүүлүгү артты, б.а. дүйнөнү жаңыча көркөм кабылдоо, көркөм ойлоону масштабдуулугуна жетишүү, коом менен жеке адамдын ажыралгыс биримдигин поэтизациялоо күчтүү темп менен жүрүп жатты. Андай аракеттердин натыйжалары ар кимисинин талант көрөңгөлөрүнө, билим, тажрыйба, изденүү мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар түрдүү деңгээлде болгондугу да өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

# Мамлекеттик сынактын суроолору

## Кыргыз тили жана адабияты боюнча тесттин суроолору:

### 1-бөлүк. Кыргыз тили

**1.** Тыбыш. алардын бөлүнүшү, басым, муун. үндөштүк мыйзамы жөнүндөгү билим булагынын тил илиминде аталышын белгилегиле.
**2.** «Таене» деген сөздө канча тыбыш бар?
**3.** Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдүн жалпы саны.
**4.** Туура ташымалданган сөздү белгилеңиз.
**5.** Белгиленген сөздүн антонимин тапкыла.
**6. Жазында ... .**
**7.** Асты сызылган сөздүн синонимин белгилегиле.
**8.***Эч кимге жакшылык кылбаган ,карасанатай, кара өзгөй*-**деген маанини туюнткан фразеологизм:**
**9. Бир тилдеги сөздү же сөз тизмегин экинчи бир тилге сөзмө-сөз которуу эмне деп аталат?**
**10. Фразеологизмдер деп эмнени айтабыз?**
**11. Тил дегенибиз эмне?**
**12. Төмөнкү жазуулардын кайсыларынан колдонгонбуз?**
**13. Адамдын эмгек, коомдук ишмердиги бааланган анын өзүнө тиешелүү болгон оң жана терс сапаттарын чагылдырган документ кайсы?**
**14. Сөз айкашынын кандай түрлөрү бар?**
**15.** *Кыз сыркоонун жанынан карыш жылбайт.* **Сүйлөмдөн таандык байланышты белгиле.**
**16.** Созулма үндүүлөрдүн жазылышын белгилегиле.
**17.** Көп маанилүү сөздөрдү белгилегиле.
**18.** Синоним сөздөрдү белгилегиле.
**19.** Антоним сөздөрдү белгилегиле.
**20.** Белгиленген сөздүн жөндөмөсүн аныктагыла. **Сабырдуулук <u>адамга</u> көрк берет.**
**21. Сүйлөмдүн грамматикалык негизи кайсы?**
**22. Тексттеги ойду эмне аныктайт?**
**23. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы публицистикалык стилге кирет?**
**24. Сөздөрдүн байланышынын канча түрү бар?**
**25.** ***Ишенген, колдогон кишиси бар-*** деген маанидеги фразеологизмди тап?
**26. Фразеологизмдердин канча түрү бар?**
27. ***Кой оозунан чоп албаган,*** -деген фразеологизмдин синоними:
**28. Кыргыз лексикасы кандай жолдор менен байыйт?**
**29. Кыргыз адабий тилинде кандай диалектилер бар?**
**30.** Асты сызылган сөздүн түз маанисин белгилегиле. **Тиги дагы <u>беш өрдөгүн учурду.</u>**
**31. Жалаң ачык муундан турган сөздү белгилеңиз.**
**32. Көп маанилүү сөздөрдү белгилеңиз.**
**33.** Берилген сөздүн антонимин аныктаңыз: **тез**
**34.** Макалды толуктаңыз: **Кыздын ... ... улуу.**

**35. "Семантика деген терминдин маанисин белгилеңиз.**

**36. "Жарды"** деген түшүнүктү билдирген фразеологиялык бирдикти белгилеңиз.

**37. Атоочтук сөз айкашын тап.**

**38.** *Жүргөндүрсүң өмүрүңдү корктонтуп.* **Сүйлөмдүн жагын, санын тап.**

**39. Сөздөр кандай жолдор менен жасалат?**

**40.** ___________*сүйлөмдүн грамматикалык негизи катары каралат.* **Бош жерди толтур.**

**41. Багыныңкы түгөй кыйыр жөндөмөдө туруп, багындыруучу түгөй менен байланышса кайсы байланыш болот?**

**42. Фразеологизмдер башка тилине так которулабы?**

**43. Түрк тилинин тобуна кайсы тилдер кирет?**

**44. Диалектилик сөздөрдү тап**

**45.V-VIII кылымдарда кыргыздар кайсы жазууну пайдаланган?**

**46. аа-кандай тыбыш?**

**47.** *Бул-дүйнө ушунчалык бир чоң дүйнө, экөөбүз неге буга сыя албайбыз?* **Сүйлөмдөн сурама ат атоочту тап.**

**48. Башкаруу байланышын белгиле.**

**49. Тил жөнүндөгү илим эмне деп аталат?**

**50. Сүйлөмдүн ээсин тап.** *Жакшы адамдын акылы ташка тамга баскандай.*

**51.Тилдин тыбыштык түзүлүшүн үйрөтүүчү илим?**

**52. Араб тилинен кабыл алынган сөздөр кайсы вариантта берилген?**

**53. Фразеологизмдер кепте эмне максатта колдонулат?**

**54. Туруктуу сөз айкашын тап?**

**55. Макалды белгиле**

**56.Мекеме менен жеке адамдын ортосундагы суроо-талаптарды жөнгө салуучу иш кагаздары кайсы стилге кирет?**

**57.** *Кирпик какпоо, оозу жок, көз салуу, жумурткадан кыр чыгаруу* – **деген сөздөр сөз айкашынын кайсы түрүнө кирет?**

**58. Полисемия пайда болуу ыгына карата кандай жолдор менен пайда болот?**

**59. Адамдын сапатын чагылдырган фразеологизмди белгилеңиз.**

**60.** Фразеологизмдин маанисин белгилеңиз: **«Жөө туман»**

## 2-бөлүк. Кыргыз адабияты

**1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы мазмуну жана формалык белгилерине карай кандайча бөлүнөт?**

**2. Орхон-Энесай эстеликтериндеги жазуулардын түйүнүн чечип, тамгалардын аталышын тактап, сөздөрдү окуганга аракет жасаган биринчи окумуштуу ким?**

**3.** *Ак кымкаптан тон албайм, ак күмүштөн сом албайм.*
*Ар кимди барып бир мактап, ары жок ырчы боло албайм,* **-деген акын ким?**

**4. Кол санаганда Манасты унутуп, эсебин таба албай жаткан Тазбайматты ким куткарып калат?**

**5.Төмөнкү каармандардын ичинен кимиси "Сейтек" эпосундагы окуяларга гана катышат?**

**6. 60-70-жылдарда кыргыз адабиятына чоң ийгилик алып келген жазуучу:**

**7. “Абийир кечирбейт” пьесасынын башкы каармандары кимдер?**
**8. Сүйүнбай Эралиевдин “Кесир инсан” поэмасы кайсы окуяны чагылдырган?**
**9. Негизги окуя баяндагандан кийин каармандардын тагдыры жөнүндө жана чыгарманын окуясын жыйынтыктаган автордук баяндоо эмне деп аталат?**
**10. Луи Арагон Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасына жогорку баа берген?**
**11.** *“Бөлөк элде султан болгуча, өз элиңде ултан бол”* **-деген макал “Манас” эпосундагы кайсы каармандарга тиешелүү?**
**12. Алдын ала даярдыксыз, ар кандай көрүнүштөр тууралуу ырдоо өнөрү эмне деп аталат?**
**13. “Манас” эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча канча ыр саптан турат?**
**14. Мифтер, легендалар, жомок, эпос, дастандар, элдик оозеки чыгармалардын кайсы жанрына кирет?**
**15. “Манас” эпосундага негизги идеялардын бирин тап.**
**16. Шота Руставелинин “Жолборс терисин жамынган баатыр” поэмасын кыргызчага ким которгон?**
